**БЕКИТЕМ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, т.и.д., профессор
К. Ж. Усенов ______________
_______ ______ 2023-ж.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын **№18 протоколунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Жалал-Абад шаары** **2023-жылдын 21-июну**

**Отурумдун төрагасы:** К.М.Ураимов – п.и.к.,, доценттин м.а.

**Отурумдун катчысы:** Раимкул-кызы Айжамал – окутуучу

**Катышуучулар**:

**1**.К.М.Ураимов - п.и.к.,доценттин м.а.(13.00.02);

**2**.С.С.Сакиева – п.и.д., профессор (13.00.02);

**3.**А.Т.Саттарова - п.и.д., профессордун м.а.(13.00.02);

**4.**К.Б.Калчакеев –ф.и.д.,профессордун м.а. (10.01.09)

**5.**Р.С.Нусупова - п.и.к.,доценттин м.а.(13.00.08);

**6.**М.Ж.Найманбаев - п.и.к., доцент (13.00.01);

**7**.Г.У.Рыскулова – п.и.к., доцент (13.00.01);

**8.**Ы.К.Жолдошбаева - п.и.к.,доценттин м.а.(13.00.08);

**9**.С.М.Ажикулов - п.и.к, доценттин м.а.(13.00.01);

**10.**Э.К.Молдокеримова -(13.00.02), п.и.к., доценттин м.а.;

**11.**Ж.К.Тажибаева -п.и.к.,доценттин м.а. (13.00.02);

**12**.Г.Э.Матазимова - п.и.к., доценттин м.а.(13.00.02);

**13.**А.Э.Торобекова -улук окутуучу;

**14**.А.К.Шишкараева-улук окутуучу;

**15**.Г.К.Темирбаева -улук окутуучу.

**Күн тартибинде**:

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын улук окутуучусу С.Ч. Осмоналиеванын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган **“Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери”** деген темадагы кандидаттык диссертациясын талкуулоо.

**Илимий жетекчиси** – п.и.д., профессор Сакиева Сайипжамал Салайдиновна.

Диссертациянын темасы Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын 2014-жылдын 19-майындагы № 18 протоколу менен бекитилген.

**Угулду:**

**К.М. Ураимов (жыйындын төрагасы, п.и.к.,доцент):** Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, аспирант Осмоналиева Сабира Чоёновнанын иши менен таанышкандардын дээрлик баары эле катышууда. Анда отурумду баштоого уруксат этсеңиздер. Бүгүн биз педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын кеңейтилген отурумуна чогулуп олтурабыз. Күн тартибине аспирант Осмоналиева Сабира Чоёновнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери”** деген темадагы диссертациялык ишин талкуулоо коюлган. Талкууга педагогика илимдеринин 2 доктору жана 9 кандидаты, 1 филология илимдеринин доктору, профессор, 3 аспирант, 5 ага окутуучу, 3 окутуучу катышууда. Күн тартиби боюнча кимиңиздерде кандай сунуш-пикирлер бар?

**Отурумдун катышуучулары:** Сунуштар жок. Күн тартиби бекитилсин.

**К.М. Ураимов:** Анда диссертациялык ишинин мазмуну менен тааныштыруу үчүн сөздү изденүүчү Осмоналиева Сабира Чоёновнага берсек. Регламентти тактап алалы, 15 мүнөт берсек жетиштүү болот.

**С.Ч.Осмоналиева:** Саламатсыздарбы урматтуу төрага, бүгүнкү талкуунун урматтуу катышуучулары, биздин диссертациялык ишибиздин темасы **“Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери”** деп аталат. Иштин шифри: 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили).

**Илимий жетекчи**: п.и.д., профессор Сакиева Сайипжамал Салайдиновна.

Уруксат берсеңиздер, иштин кыскача мазмуну менен тааныштырууга өтсөм.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринин окуу-тарбия процессиндеги артыкчылыктуу (приоритеттүү) багыттардын бири болуп, башталгыч класстардын мугалимин, башкача айтканда, болочоктогу жогорку квалификациялуу адисти даярдап чыгаруу, анын профессионалдык педагогикалык даярдыгын эске алуу менен окуучусунун сабаттуу жазуу маданиятын калыптандырууга багыттоо. Башталгыч класс мугалиминин педагогикалык потенциалы- анын башталгыч класс окуучусунун сабаттуу жазуу маданиятын натыйжалуу калыптандыруу ишинде гана толук ачылышы мүмкүн. Ушундан улам ар бир педагогикалык жогорку окуу жайынын жана орто кесиптик окуу жайынын педагогикалык факультетинин студенттин окуучунун жазуу маданиятын (каллиграфиясын) калыптандыруу, өнүктүрүү багытында кесиптик компетенттүүлүгү калыптандырылышы зарыл, андагы окуу-тарбия процесси да мына ушуга багытталышы керек.

Педагогикалык факультеттердин студенттерине болочоктогу окуучусунун сабаттуулугун жоюу эмес (баланын сабаттуулугу мектепке чейинки окуу-тарбия мекемелеринде жоюлат), анын туура, сабаттуу жазуу маданиятын калыптандыруу милдети биринчи планда турган актуалдуу маселеге айланды. Анткени, баланын башталгыч класстан жазуу маданияты калыптанбаса, анын бешинчи класстан тартып мектепти аяктаганга чейин каллиграфиясы оңолбойт, туура, сабаттуу жаза билүү маданияты калыптанбаган абалда калат. Бул өз кезегинде анын башка предметтерди

өздөштүрүүсүнө да залакасын тийгизбей койбойт. Башталгыч класстын мугалими да бул факультетте окуп жаткан студент да муну олуттуу түшүнүүсү керек. Ошентсе да башталгыч класстын окуучусун жазуу маданиятын калыптандыруу процессине чейин ошол мугалимдин профессионалдык даярдыгы менен маданиятын калыптандыруу милдети турат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 5-октябрында билим берүү кызматкерлеринин алдында сүйлөгөн сөзүндө “Улуттук маданиятты өркүндөтпөй туруп биздин элдин социалдык абалын жакшырта албайбыз. Маданият – мамлекеттин жана улуттун уңгулуу маңызы, идеологиясы”, - деп айтканы бар.

Диссертациялык изилдөө ишибиздин темасынын актуалдуулугу төмөнкүдөй маанилүү жагдайлар жана өбөлгөлөр менен да шартталат: Кыргыз Республикасынын Президентинин “Мамлекеттик тилди өркүндөтүү жөнүндөгү” Жарлыгынын талаптарын ишке ашыруу; кыргыз тилинин, адабиятынын алиппе жана окуу сабактарынын педагогикалык, дидактикалык, илмий-методикалык маанисин көтөрүү; ар бир окуучунун мектептин алгачкы жылдарынан тартып туура сүйлөй билишин, туура жана сабаттуу жаза билишин, буга карата анын жеке муктаждыгын калыптандыруу маселеси турат. Тилекке каршы, учурда орто мектептин башталгыч класстарынын окуучулары туура жана сабаттуу жазуу көндүмдөрүнө ээ болуу абалы начар. Алардын жазуу маданиятын калыптандыруу ишинде педагогикалык факультеттердин студенттеринин профессионалдык даярдыктары да начар. Ушунун өзү изилдөө ишиндеги карама-каршылыктарды жаратты, натыйжада, “Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери” деген теманын алкагында изилдөө ишин жүргүзүүнү шарттады.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн негиздерин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

• Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык даярдыгына байланыштуу маселелерге иликтөө жүргүзүү жана аларды жалпылаштыруу.

• Педагогикалык факультеттердеги студенттердин окуунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде болочок мугалимдин өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруунун жолдорун жана каражаттарын табуу.

• Кыргыз тили, алиппе жана окуу предметтери аркылуу студенттин окуучунуну жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгын калыптандыруу боюнча экпериментaлдык иштердин натыйжалуулугун аныктоо;

• Кыргыз тили, алиппе жана окуу предметтери аркылуу болочок мугалимдин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгын калыптандырууда алынган жыйынтыктардын, тыянактардын негизинде практикалык сунуштарды даярдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы:**

• Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде окуп жаткан студенттердин, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишиндеги профессионалдык педагогикалык даярдыгын деңгээли аныкталды, анын маани-маңызы жана структуралык түзүмү такталды;

• Башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруунун жогорку деңгээли жана болочок педагогдорду даярдоону өркүндөтүүнүн жолдору аныкталды, педагогикалык чыгармачылыктын ролу, окутуу процессинин индивидуалдаштырылышы, анын профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн тилдик, адабий окуу, алиппе жана башка түрлөрү менен интергрцияланышы ишке ашырылды;

• Окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда студенттердин профессионалдык педагогикалык даярдыгын камсыздаган каражат жана форма, метод жана жогорку натыйжалуу технологияларынын иштелип чыккан, текшерүүдөн өткөн системасы түзүлдү;

• Башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятынын жекелик (индивидуалдык) мүнөздөрү эске алынып, окутуунун педагогикалык технологиялары (когнитивдик, коммуникативдик, рефлексиялык, аксиологиялык, социомаданий) иштелип чыкты;

• Жазуу маданиятын калыптандыруунун структуралык түзүмдөрү иштелип чыкты жана өнүктүрүлдү, кыргыз тили, алиппе жана окуу сабактарында түзүлгөн окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруудагы педагогикалык жана методикалык тийиштүү шарттарды сактоонун эсебинен ишке ашырылды;

• Башталгыч класстардагы кыргыз тили, алиппе жана окуу боюнча тажрыйбалык грамматикалык жана жалпы адистик жөндөмдөр боюнча темаларды жакшы сиңирүү үчүн болочок педагогдордун индивидуалдык потенциалын, өз алдынчалыгын өстүрүү боюнча педагогикалык каражаттар түзүлдү.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

• Башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча педагогикалык-методикалык шарттардын бул изилдөөдө сунушталган комплекси кыргыз тили, алиппе жана окуу сабактарында жогорку деңгээлдеги педагогикалык даярдыкка ээ болгон педагогдорду даярдоо процессинин натыйжалуулугун арттырат;

• Окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык даярдыгын арттыруу, өстүрүүнүн иштелип чыккан жана тажрыйбада сыналган натыйжалуу формалары жана методдору изилдөөдөгү проблемаларды чечүүгө өбөлгө болот жана педагогдорду даярдоодо колдонууга толук жарамдуу;

• Изилдөөнүн жыйынтыктары педагогикалык профилдеги ар кандай окуу жайларындагы жана факультеттердеги кыргыз тили, алиппе жана окуу сабактарында окутуучунун ишинде колдонулса болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

• Башталгыч класстын болочок мугалиминин профессионалдык педагогикалык даярдыгы жана маданияты түшүнүгүнүн калыптанышынын

тарыхый шарттарына анализ жүргүзүлдү, педагогикадагы жана психологиядагы болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык даярдыгынын, маданиятынын проблемалары иликтенди;

- Мугалимдин кесиптик даярдыгынын калыптанышынын теориялык жана тажрыйбалык анализден өткөрүлдү, республиканын жогорку окуу жайларындагы кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарында болочок мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүнө карата иликтөөлөр жасалды;

- Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин кесиптик даярдыгын калыптандыруу процессинде кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарындагы жазуу жумуштарын окутууну индивидуалдаштыруунун ролу аныкталды;

- Окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда предмет аралык байланыштар системасын колдонуунун өзгөчөлүктөрү такталды;

- Башталгыч класстардагы кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарында окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун методикасы иштелип чыкты;

- Башталгыч класстардын окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча жалпы мүнөздөмө берүү жана эксперименталдык иштер жүргүзүлдү;

- Кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактары боюнча болочок педагогдун педагогикалык даярдыгын калыптандыруу боюнча практикалык сунуштар иштелип чыкты жана тыянак, жыйынтыктар жалпылаштырылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо:** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары боюнча эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда илимий баяндамалар жасалды. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетиндеги эл аралык илимий-практикалык конференция, республиканын бир катар жогорку окуу жайларында өтүлгөн илимий-практикалык конференцияларда иштин жыйынтыктары апробацияланды. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар республикалык басма беттеринде, КРнын ЖАК тарабынан бекитилген илимий басылмаларда педагогикалык, илимий-методикалык макала түрүндө жарыяланды.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы** катары Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогикалык факультети, Жалал-Абад гуманитардык колледжи, Жалал-Абад колледжи, Баткен Мамлекеттик университетинин педагогика факультети, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогикалык факультетинен алынган.

**Эксперименттик мониторинг иштеринин этаптары:** Изилдөө иштери үч этап менен жүргүзүлдү. Биринчи этабында (2018-2019-жылдар) изилдөө ишинин темасына байланышкан нормативдик документтер, окуу пландары жана программалар үйрөнүлдү, педагогикалык, психологиялык жана методикалык адабияттар талдоого алынды. Экинчи этабы 2019-2020-жылдарды камтып, мында тандалып алынган тема боюнча изилдөө иштери экинчи баскычта улантылды, болочок мугалимдин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык педагогикалык даярдыгы жана маданияты түшүнүгүнүн аппараты аныкталып, анын болжолдуу модели иштелип чыкты, изилдөөнүн мазмуну, формасы, методдору, педагогикалык шарттары аныкталды. Үчүнчү этабында (2020-2021-жылдар) республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде окуп билим алып жаткан студенттердин, башталгыч класстын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык даярдыгын жана маданиятын калыптандыруу боюнча методдор, формалар менен каражаттар иш жүзүндө практикада сыналып, жыйынтыктары чыгарылды.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү**. Диссертация киришүүдөн, үч главадан, главалардан чыккан кыскача тыянактардан, жалпы корутунду жана практикалык сунуштардан турат. Илимий-педагогикалык жана методикалык адабияттардын тизмесине 174 аталыштагы эмгектер берилди. Жалпы көлөмү 182 бет, негизги текст 167 беттен турат. 12 таблицаны, 1 схеманы камтыйт.

**Киришүүдө** изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу, максаты, милдети, жаңылыгы, практикалык баалуулугу, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы жана натыйжаларын тастыктоо тууралуу маалыматтар берилди.

**Биринчи глава “Педагогика адистигинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн жалпы маселелери жана проблеманын изилдениши”** деп аталып, анда жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын теорияда, окутуу методикасында изилдениши башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары, педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн программалык талаптарына жалпы анализ жүргүзүлдү.

**Экинчи глава “Изилдөөнүн методологиясы жана методдору. Педагогикалык эксперимент”** деген аталышта берилип, башталгыч класс окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун натыйжалуу формалары жана методдору, педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү жана анын жыйынтыктары оптималдуу пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү каралды.

**Үчүнчү глава “Башталгыч класстарда окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун формалары жана каражаттары”** деген аталышта тандалып алынган проблема алдардын жазуу маданиятын калыптандыруунун технологиялары, методдору, формалары жана каражаттары, студенттердин башталгыч класс окуучусунун ата-энелери менен иш алып баруусун калыптандырууга багытталды. Педагогикалык тажрыйбанын жүрүшү жана натыйжалары жыйынтыкталды.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпылаштырганда төмөнкүдөй бүтүм – тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруусу жана адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын өзгөчөлүгү- анын ээ болгон билимдеринен, билгичтиктеринен жана көндүмүнөн башка да анын балдар, коом, окуучулары менен болгон жеке мамилесин түптөгөн инсандыгы (личность) жана анын профессионалдык-педагогикалык маданиятынын деңгээли.

1. Адис катары жалпы маданияттын бир бөлүкчөсү болуу менен ал коомдун саясий, экономикалык жана идеологиялык турмушу менен тыгыз байланышта болот. Коомдук турмуштун көрүнүшү катары ал профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн ар кандай жактарын,

түрлөрүн камтыйт, татаал болгон иерархиялык динамикалык системаны түзөт. Профессионалдык-педагогикалык ишмердүүлүтүн структуралык составдык курамында философиялык, социалдык-тарыхый, социомаданий, социалдык-педагогикалык, этникалык жана этнологиялык принциптер менен мамилелер жатат.

2. Мектептин башталгыч класстарында каллиграфияны, кыргыз тилин, алиппени жана адабий окууну үйрөтүү процессинде болочок мугалим – студенттердин адис катарында өздөрүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруунун жолдорун аныкталып, натыйжалуу деп эсептелген каражаттары иштелип чыкты.

Жогорку окуу жайлардын педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы факультеттеринде каллиграфияны, кыргыз тилин, алиппени жана адабий окууну үйрөтүү процессинде баарынан мурда анда окуп билим алып жаткан студенттин оозеки жана жазуу кебин калыптандыруу зарылдыгы чыгат. Анын ошол тилди өздөштүрүүсү, тилдин грамматикасын натыйжалуу өздөштүрүүсү, педагогиканын, дидактиканын жана методиканын теориясы менен практикасын мыкты билүүсү- алардын балдарга болгон урмат-сый мамилесин калыптандырат, бул болсо өз кезегинде ар кандай курактагы (айрыкча, кенже курактагы) балдар менен баарлашууга, эркин сүйлөшүүгө жол ачат. Ушунусу менен ал өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын туура калыптандырат.

3. Башталгыч класстардагы каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтери аркылуу педагогикалык факультетинин студентинин (болочок мугалимдин) окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча экперименталдык иштердин натыйжалуулугу аныкталды жана алар жалпылаштарылды.

Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттик-мониторинг жумуштары көрсөткөндөй профессионалдык педагогикалык маданияттын илимий-практикалык мааниси студентти чыгармачылык активдүүккө багыттоо керектиги болду, анын “мен –

мугалим” деген концепциясын калыптандыруу, мунун өзү анын профессионалдык педагогикалык ишмердүүгүн туура багытта жүргүзүүгө карата болгон даярдыгын шарттайт. Эксперимент жумуштарын жүргүзүүдө педагогикалык, психологиялык, дидактикалык, методикалык, филологиялык, лингвистикалык адабияттарды өздөштүрүүнүн өзү бизге болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданияттын калыптандыруунун натыйжалуу жолдору менен конкреттүү концепциясын түзүп алууга өбөлгө болуп берди.

4. Мектептин башталгыч класстарында каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтери аркылуу болочок мугалимдин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча алынган жыйынтыктардын, тыянактардын негизинде практикалык сунуштар даярдалды.

Биздин эксперименттик иштерибиз түпкүлүгүндө мына бул милдеттердин реализацияланышына багытталган эле.

• Жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы адистигинин студентинин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын өзүнүн адис катары профессионалдык педагогикалык маданиятын камсыз кылган каражаттарды (индивидуалдаштыруу, дифференциациялоо, предмет аралык байланыштарды камсыз кылуу) сыяктууларды тандоо жана аларды систематизациялоо.

• Профессионалдык-педагогикалык маданияттын структуралык курамындагы компоненттерди (когнитивдик, рефлексивдик, аксиологиялык, коммуникативдик, социомаданий) андан ары өнүктүрүү милдети. Профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптанышын жалпы окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугун арттырууга багыттоо милдети турган.

Ошентсе да жүргүзүлгөн бирин – экин диссертациялык изилдөөлөрдө жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери калыптандыруу маселесин толук чечилбейт. Андан аркы ишти жүргүзүү боюнча диссертент сунуш кылган практикалык сунуштарда айтылат. Жогорку окуу жайынын педагогика факультетинин

студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздерин калыптандыруу багытында окуу планын сааттардын санынын кошумчаланышын иштеп чыгуу маселеси турат.

**Практикалык сунуштар**

1. Башталгыч класстардын болочок мугалимлерине жогорку окуу жайынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде окуп билим алып жаткан мезгилинен баштап профессионалдык педагогикалык маданияттын *когнитивдик-таанып билүүчүлүк* (инсандын билим системасы), *аксиологиялык* (инсандын баалуулук багыттарынын системасы), *рефлекциялык* (жөндөм-шыктардын системасы), *коммуникативдик* (карым-катыш нормаларынын системасы) жана *социомаданий* (социалдык активдүүлүк жана сезимдер системасы) сыяктуу зарыл компоненттерин калыптандыруу зарыл.

2. Башталгыч класстардын болочок мугалимдерине окуучусунун каллиграфиясын (туура, таза, тыкан, кооз жана сабаттуу жазуусу), тилди, алиппени жана адабий окууну үйрөтүүнүн натыйжалуу формаларын, методдорун, жана каражаттарын аныктоодо алардын эне тилинин грамматикалык, фонетикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын оозеки жана жазуу кебинин калыптанышына басым жасоо зарыл.

3. Башталгыч класстардын болочок мугалимдерине (азыркы студентте) окучунун жазуу маданиятын калыптандырууга жана анын профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышы үчүн буга эң эле зарыл болгон педагогикалык шарттардын түзүлүшү керек. Педагогикалык мындай шарттар:

4. Окуу программаларына башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана мугалимдин педагогикалык маданиятын калыптандыруучу билимдердин системасын киргизүү. Андай системалар бир жагынан, болочок адистердин даярдоонун талаптарына, экинчи жагынан, аларга окуучунун жазуу маданиятын туура калыптандырууга үйрөтүү ишинде жалпы маданий деңгээлин көтөрүүгө багытталышы керек.

5. Башталгыч класстардын болочок мугалимдерине каллиграфияны, тилди, алиппени жана адабий окууну үйрөтүү методдору, формалары менен каражаттары студенттин өзүнүн оозеки жана жазуу кебин калыптандарууга,

башкача айтканда, анын коммуникативдик компетенциясын калыптандырууга багытталышы керек.

6. Башталгыч класстарда каллиграфияны, кыргыз тилин, алиппени жана адабий окууну натыйжалуу жүргүзүүнүн методдорун, формаларын жана каражаттарын үйрөтүү ишинде педагогикалык факультеттеги сабактардын натыйжалуулугун арттыруу багытында студенттин жеке чыгармачылык потенциалын өстүрүүгө багытталган иштер, анын грамматикалык билим, билгичтик, көндүмдөрүн (компетенцияларын), оозеки жана жазуу кебинин калыптанышын приоритет катары кармануу зарыл.

7. Жогорку окуу жайларындагы педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы адистиктерде каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу боюнча практикалык сабактарда студентти окуучусунун жазуу маданиятын калыптандырууга үйрөнүүгө карата өзүн-өзү мотивациялоо жана окутууга шыктандырган чыгармачыл жөндөмдөрдү, сабактардагы, баарлашуудагы активдүүлүктү өнүктүрүү боюнча тапшырмалардын системасын иштеп чыгуу зарыл.

8. Аудиториялык сабактарда да сабактардан сырткаркы мезгилде да башталгыч класстардын мугалими катары даярдалып жаткан студенттин башталгыч класстардын окуучуларынын каллиграфиясын калыптандыруусун камсыз кылуу зарылдыгы, алардын буга карата болгон педагогикалык мотивациясын камсыз кылуу зарыл.

9. Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу процесси педагогикалык факультеттеги каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтери аркылуу ишке ашырылып жаткан соң аны маданий мейкиндиктин субъекти катары кароо зарыл, анын педагогикалык, тилдик, маданий, адабий ресурстарын студент кезинен баштап калыптандыруу милдети турат.

10. Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу процессинде студентке каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу аркылуу жүргүзүү

процесси ушул изилдөө менен эле толук чечилбейт, ошентсе да бул изилдөөдөн алынган жыйынтык-натыйжаларды республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы адистигинин окуу процессинде кеңири колдонуу сунуш кылынат.

**К.М. Ураимов:** Изденүүчү өзүнүн изилдөө ишинин жалпы мазмуну менен тааныштырды, эми суроо-жоопторго өтсөк. Суроолоруңуздарды берсеңиздер болот.

**А.Т.Саттарова:** 1. Изденүүчү сизге суроо, руханий жана материалдык маданиятка токтолсоңуз жана өзүңүздүн илимий ишиңиз менен байланыштыра кетсеңиз. Бул түшүнүктөргө карата кандай аныктамаларды белгиледиңиз? 2. Сиздин изилдөөңүз маданияттын кайсы түрүнүн критерийлерине туура келет?

**С.Ч. Осмоналиева:** Рахмат. 1. "Маданият" терминин (түшүнүгүнүн) бирдиктүү түпкү аныктамасы “жер иштетүү”. Маданият эки түргө бөлүнөт. Руханий жана материалдык маданият. Материалдык маданият –адамзаттын акыл эмгегинин натыйжасында кол ишмердүүлүгү аркылуу жетишилген баалуулуктарынын жыйындысы. Руханий маданият – бул адамзаттын ички сезимдеринин продукциясы. Демек, илимий ишибизде жазуу маданияты руханий маданияттын негизги критерийлеринин бири. Тактап айтканда, педагогикалык ишмердүүлүктүн ары татаал, ары кызыктуу процессинде мугалим, айрыкча болочок адис тил өздөштүрүү, жазуусун калыптандыруу, материалдык жана руханий баалуулуктар, каада-салт, үрп-адаттар аркылуу социумга кошулуу, аралашуу, жуурулушуусу менен тарыхый-маданий тааныы-билүү процессинен өтөт, ошону менен өзүнө турмуштук тажрыйба топтойт, ал тажрыйбаны өз мезгилинде тарбиялануучуларына өз мезгилинде өткөрүп жүрү олтурат. Жогоруда белгилеп өткөндөй руханий маданият – адамдардын жамааттык аң – сезими, туюп – билүүсү, кабыл алуусу, адеп-ахлагы, дүйнө таанымы, агартуучулугу, тарбия-таалими, укугу, философиясы, жүрүм – туруму, эстетикасы, илими, өнөрү, адабияты, диний ишеними ж.б. тарабынан иштелип чыккан өндүрүштүк иш аракеттердин жалпы системасынын жыйындысы.

**М.Ж.Найманбаев: 1.** Илимий ишиңизде колдонгон иммитативдик жана коммуникативдик ыкмалар боюнча түшүндүрмө берип кетсеңиз?

**С.Ч.Осмоналиева:** 1. Рахмат. Иммитативдик метод башталгыч класстарда көбүрөөк колдонулат. Бул метод окуучулардын кебин өнүктүрүүнүн башка методдоруна даярдайт. Коммуникативдик метод кеп ишмердүүлүктүн теориялык материалдарына таянат, өзгөчө сүйлөө аракетинин анализине: кырдаалды, мотивацияны, маектешкен адамдын кепти кабыл алуусу жана тескери байланышты эске алат. Коммуникативдик метод өзүнө тиешелүү ыкмаларды, окутуу каражаттарды, көнүгүүлөр боюнча тапшырмалардын болушун шарттайт, алар: -кептик кырдаалдарды түзүү же даяр кептик кырдаалдарды тандоо, ролдоштурулган оюндарды, эмгекти, саякаттарды, сүрөттөрдү, атайын уюштурулган байкоолорду, материал топтоо ыкмаларын, таасирлерди тандоо.

**С.М.Ажикулов: 1.** Мугалимдин башталгыч класстардын балдарынын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн таанып-билүүсү окутууга кандай артыкчылыктуу жактарды алып келет деп ойлойсуз?

**С.Ч. Осмоналиева:** Рахмат. Башталгыч класстарда окуучунун индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн билүү окутууга оң натыйжаларды алып келет. Бул маселени билген мугалим, аны тынымсыз өнүктүрүп, бекемдеп окуучудагы инсандык сапаттар менен баладагы болгон жөндөмдөрдү таанып билип, аны билим берүүдө ылайык келген ыкмалар менен калыптандыра алат. Ошондой эле билим берүү мекемелери бала бакчадан баштап эле баланы эмгекке үйрөтүшү, аны ар кандай материалдар, эмгек куралдары менен иштөөгө, өз алдынча аракет кылууга көнүктүрүүсү зарыл.

**Р.С.Нусупова:** 1. Мен диссертация менен таанышып чыктым, Экспериментке катышкан студенттердин жана мугалимдердин эксперименттен кийинки калыптанган көндүмдөрү жөнүндө эмнени айта алат элеңиз?

**С.С.Осмоналиева:** Рахмат. Эксперименталдык изилдөөгө мугалимдер жана студенттер тартылган. Алар үчүн 10 суроодон турган анкеталар түзүлгөн. Башталгыч класстардын мугалимдери жана болочок адистеринин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде анын өзүлөрүнүн кесиптик компетенттүүлүгү биринчи планга көйгөйлүү маселе катары чыгып, педагогикадагы, психологиядагы, дидактикадагы жана окутуу

методикасындагы ролу да чоң экендигине болгон ынануууларын изилдөөнүн натыйжасы көрсөттү.

**К.Б.Калчакеев:** 1. Изденүүчү сизге төмөнкүчө суроо бергим келип турат. Изилдөөгө алынган окуу жайларды эмненин негизинде тандап алдыңыз жана эксперимент учурундагы айырмачылыктарга жана кыйынчылыктарга токтоло кетсеңиз?

**С.Ч.Осмоналиева:** Рахмат. Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогикалык факультети, Жалал-Абад гуманитардык колледжи, Жалал-Абад педагогикалык колледжи, Баткен мамлекеттик университетинин педагогикалык факультети, Ош мамлекеттик педагогикалык университети алынган. Изилдөө иштеринде жогорку окуу жайларындагы окуу программалары, билим берүүнүн стандарттары, жумушчу программалар, силлабустар талданды. Андагы жогорку жана орто окуу жайларынын педагогика адистигинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруудагы сааттардын мазмуну, көлөмү талданып, жыйынтыкталды.

**Г.У. Рыскулова:**1. Изилдөө ишине тиешелүү проблемаларды изилдеген окумуштуулар катары кимдерди атайт элеңиз?

**С.Ч.Осмоналиева:** 1. Изилденип жаткан эмгекке тиешелүү көптөгөн окумуштуулардын адабияттары менен таанышып чыктым. Окумуштуулардын эмгектеринде жазуу маданитынын теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери системалуу чечилип, окутуу процессинде колдонулуп жүргөндүгүн байкадым. С.Рысбаевдин, В.Мусаеванын, А.Акунованын, А.Мураталиеванын, Б.Кубаталиевдин, С.С.Сакиеванын, А.Абыкановaнын, М.Асаналиеванын, Б.Рысбекованын ж.б. окумуштуу-методисттердин эмгектери менен тааныша алдым. Изилдөөгө алган жактарынан шилтеме келтирип, сунуштарын изилдөөгө, аткарууга аракеттендик.

**Г.Э.Маатазимова:** 1. Кенже курактагы мектеп окуучусунун жазуу маданиятын калыптандырууда машуугалардын ролу кандай?

**С.Ч.Осмоналиева:** Рахмат. Кенже курактагы мектеп окуучларынын жазуу маданиятын калыптандырууда тынымсыз машыгуулар чоң мааниге ээ. Ал машыгуулар класста сабак учурунда гана эмес, сабактан тышкаркы

учурларда да улантылышы керек. Мында ар кандай процесстерди аткаруу талап кылынат. Мисалы, биринчи класстын окуучусу үчүн атайы кабыл алынган жазуулар болот, алардын татаалдыгы окуучунун куралктык өзгөчөлүгүнө ылайык келиши шарт. Алардын жөнөкөй болушун мектепте мугалим тандап, үйдө машыгуу үчүн ата-энелерге сунуштайт.

**Р.К.Жолдошбаева:** Изденүүчү сиздин изилдөө ишиңизде көрсөтүлгөн конструкциялоо методу жөнүндө айтып өтсөңүз?

**С.Ч.Осмоналиева:** Рахмат. Конструкциялоо методу–интеграцияланган, синтезделген метод, Бул метод илимий изилдөө иште көрсөтүлгөн имитативдик жана коммутативдик методдор менен тыгыз байланышта. Окуучулардын оозеки, айрыкча жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу системасында тексттин түрлөрү анализденет, сөздүк тексттерди конструкциялоо ушул моделдер боюнча ишке ашат. Бул метод кептин мотивациясын, анын натыйжалуулугун камсыз кылат, кептин социалдык жан өздүк функцияларын аныктайт. Конструкциялоо методу кептин көнүгүүлөрдүн типтерине жана бир топ ыкмаларга ээ, алардын көпчүлүгү даярдоо жана көмөкчү функцияларын аткарат, алар кептик көнүгүүлөрүн даярдоо процессинин ар кайсы этаптарына катышат. Булар сөздүк жумуштары, текст же сүйлөмдөр менен иштөө.

**Э.М.Молдокеримова:** Учурда билим берүү тармагында ата-энелердин орду басымдуулук кылууда. Алар өз балдарынын билим алуусунда көптөгөн талаптарды коюп келишет. Ушул жерде менин оюмча ата-энелердин өз милдеттери басымдуу орунда көрүнүп туруш керек деп ойлойм. Сиздин илимий ишиңизде ата-энелердин баланын жазуу маданиятын калыптандырууда ролу кандай? Ушул суроого жооп берсеңиз?

**С.Ч.Осмоналиева:** Рахмат. Болочок мугалимдин башталгыч класстардын ата-энелери менен иш алып барууга кесиптик даярдыгынын мазмунунун сапаты жогорку окуу жайынын окуу жана окуудан тышкаркы ишмердүүлүгүнүн өз ара аракеттенишүү процесси менен алдын ала аныкталат. Окуу ишмердүүлүгүнө окуу сабактары боюнча лекция, практикалык сабактар, студенттин өз алдынча иши жана семинардын ар кандай түрлөрү, ишмердүүлүктүн окуудан тышкаркы түрлөрү, илимий кружоктордогу иш аракеттер болочок адистин ата-энелер менен иштей алуусуна шарттарды түзө

алат. Ар бир иш аракетте окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу иш аракеттерин көрсөтө жана ата-энелер менен кошо жүргүзүү да алгылыктуу натыйжаларды бере алат.

**К.М.Ураимов:** Урматтуу коллегалар, суроолор жок болсо, суроону ушуну менен токтотсок. Изденүүчүнүн өз алдынча изилдөө жүргүзгөнү көрүнүп турат, бир топ илимий адабияттар менен тааныш экендиги берген жоопторунан байкалды. Диссертациянын негизги мазмунунун негизинде бир топ макалалар жарыяланган, буга чейин деле илимий – практикалык конференцияларда баяндамаларын угуп жүрөбүз. Изденүүчүнүн **“Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери”** деген диссертациялык темасына рецензент катары атайын рецензенттер бар. Алар, п.и.д., профессор А.Т. Саттарова жана п.и.к., доцент М.Ж.Найманбаев.

Рецензиялар жазуу түрүндө да берилген. Эми талкууга өтсөк. Кимде кандай ой-пикирлер, сунуштар бар?

Анда сөз п.и.к., профессор А. Т. Саттаровага берилет.

**А.Т. Саттарова:** Диссертациялык изилдөө үчүн актуалдуу тема тандалгандыгын киришүү бөлүмүндөгү аргументтер негиздеп турат. Максатты орундатыш үчүн белгиленген милдеттер да билгичтик менен аныкталып, иштин жыйынтыгында аларды толугу менен чечүүгө аракеттенген. Иштин беттеринде алардын канчалык деңгээлде чечилгени тууралуу так маалыматтар берилген. Мени, айрыкча, эксперименти кызыктырды, анын жыйынтык-натыйжалары ынандырды. Ошого карабастан диссертант С.Ч.Осмоналиеванын диссертациялык ишине бир катар сунуштарды белгилей кетмекчимин:

1. Мектепте башталгыч билим берүүдө мугалимдердин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процесси кандайча жүрүп жаткандыгы да аныкталса жакшы болмок. Бул болсо проблеманын ЖОЖ – мектеп деген өтмө катыштыгын аныктоого жардам бермек.

2. Студенттердин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процесси боюнча коңшу казак, өзбек элдеринин жогорку окуу жайларында окутуунун абалын жана изилдөөчүлөрүнүн иштерин да пайдаланса болмок.

3. Диссертациялык иште орфографиялык жана пунктуациялык каталарга жол берилген. Ошентсе да жогоруда белгиленген сунуштар диссертациянын жалпы илимий деңгээлине терс таасирин тийгизбейт. Негизинен, диссертациялык ишти коргоого сунуш кылууга болот.

**К.М.Ураимов:** Кийинки сөз п.и.к., доцент М.Ж.Найманбаевге берилет.

**М.Ж.Найманбаев:** Изденүүчүнүн алып чыккан темасы учурдагы актуалдуу темалардын бири, себеби билим берүү жаатында компетенттүү адистерди даярдоо татаал көрүнүштөр менен коштолуп тургандыгы жалпыга маалым. Болочоктогу педагогикалык адистердин окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу да орчундуу маселе экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек. Демек С.Ч.Осмоналиева изилдөөгө алган бул тема, көйгөйлүү маселени илимий өңүттө анализдеп, анын жыйынтыктарын илимий чөйрөгө сунуштоо алдында турат. Диссертациялык иш илимий иш жазуунун эрежелерине туура келет. Этикалык нормалар сакталган. Илимий ыкмалар жана принциптер эске алынган. Ошого карабастан бир катар сунуштарды кошумчалай кетейин:

1. Диссертациялык иште колдонулган фундаменталдуу эмгектерди жайгаштыруудагы эрежелер эске алынса.

2. Диссертациялык иштин киришүү бөлүгүнүн кээ бир пункттарын кайрадан карап конкреттештирүү сунушу берилет.

3. Диссертациялык иштеги ар бир параграфтын корутундуларынын көлөмүн жогорулатуу сунушун берем. Жогоруда аталган сунуштар диссертациялык иштин деңгээлин төмөндөтпөйт. Ошондуктан С.Ч.Осмоналиевагнын диссертациялык иши коргоого сунушталат.

**К.М.Ураимов:** Кийинки сөз п.и.к., доцент Р.С.Нусуповага берилет.

**Р.С.Нусупова**: С.Ч.Осмоналиеванын изилдөө иши актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Коомдо кездешкен көйгөйлүү маселелер илимий изилдөөнү талап кылат. Ал эми С.Ч.Осмоналиева изилдөөгө алган

окуучулардын жазуу маданиятын калыптандыруу маселеси дагы учурдагы көйгөйлүү маселердин бири. Бул маселени илимий өңүттө изилдөө зарылдыгын С.Ч.Осмоналиева орундатууда. Негизинен диссертациялык иш эрежеге ылайык жазылган. Көлөмү жагынан да илимий иштин талабына туура келет. Мазмунун, илимий маанисин да белгилей кетүүгө болот. Ал эми сунуш катары киришүү бөлүгүн конкреттештирсе, ошондой эле ар бир главада жалпы корутундуларды кайрадан карап чыкса илимий иштин деңгээли жогоруламак.

**К.М.Ураимов:** Кийинки сөз п.и.к., доцент Г.У.Рыскуловага берилет.

**Р Г.У.Рыскулова:** Диссертациялык ишти толук карап чыктым. Илимий изилдөөгө бир топ аракеттер жумшалгандыгы байкалат. Айрыкча эксперимент бөлүмүн баса белгилөөгө болот. Ошондой эле бир катар кемчилдиктер да байкалат. Сүйлөмдөрдүн түзүлүшүндөгү логикалык эрежелерди эске алуу керек. Киришүү бөлүгүнүн кээ бир жерлерин кайрадан корректировкалоо зарыл. Айрыкча актуалдуулукту так көрсөтүү керек. Негизинен диссертациялык ишти коргоого сунуштоого болот.

**К.М.Ураимов:** Кийинки сөз Ж.К.Тажибаевага берилет.

**Ж.К.Тажибаева:** Бул диссертациялык иште – окутуунун жаңы технологиялары колдонулган. Азыркы учурда окутуунун жаңы, заманбап технологияларын билим берүү процессинде өтө көп колдонуу зарылдыгы байкалууда, анткени сабак өтүүнүн интерактивдүү усулдары окуучунун кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнө шайкеш болууда. Мындай жетишкендиктерди өздөштүрүү үчүн педагогикалык багыттын студенттери диссертациялык иште баса белгиленгендей, жогорку окуу жайында теориялык билимге сугарылып, андан соң практикада колдоно алуу жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруусу абзел. Мына ошол ыкмалар С.Ч.Осмоналиева тарабынан илимий талдоого алынып, жыйынтыкталып олтурат. Демек, диссертант тарабынан жазылган илимий эмгек илимдеги кемтикти толуктай турган эмгектердин катарында десек болот. С.Ч.Осмоналиеванын илимий иштерине ийгиликтерди каалоо менен коргоого сунуштайм.

**К.М.Ураимов:** Башка сунуш-пикирлер жок болсо, анда сөздү рецензенттерге берсек. Сөз п.и.д., доцент А.Т. Саттаровага берилет.

**А.Т. Саттарова:** Мен диссертациялык ишти карап чыктым. Өзүмдүн бир катар сунуштарымды жазуу жүзүндө диссертантка бердим. Диссертант **Осмоналиева Сабира Чоёновнанын** илимий изилдөөсү өтө маанилүү жана актуалдуу темага арналып жазылгандыгын баса белгилейм. Заманбап темалардын бири экендиги анык. Ошого карабастан эң негизги сунуш катары жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү практиканы салыштыруу анализин да белгилей кетсе, диссертациянын деңгээлинин жогорулоосуна салым кошмок. Биринчи параграфта башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалын караган жалпы теориялык жана методологиялык маселелер көтөрүлөт. Экинчи параграфта башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары илимий талдоодон өткөрүлгөн. Үчүнчу параграфта педагогика адистигинин студенттери окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну кантип жөнгө салуунун программалык талаптары сунушталган. Диссертациялык иштин экинчи главасынын биринчи параграфында башталгыч калсстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун формалары жана методдору илимий өңүттө сунушталса, экинчи параграфта эксперименталдык иш аракеттердин жыйынтыктары берилген. Үчүнчү бапта башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун дидактикалык жана методикалык аспектилери, технологиялары, методдору, педагогикалык-психологиялык негиздери илимий талдоодон өткөрүлгөн. Жыйынтыктап айтканда, диссертант максат катары койгон проблеманы бир катар филологиялык багыттын окумуштууларынын пикирине таянып өз тыянактарын чыгара алган. Айрыкча болочок педагогдордун педагогикалык компетенциясын калыптандыруу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыккан, изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпылаштырган.

Жалпылап айтканда, **Осмоналиева Сабира Чоёновнанын** изилдөөсүн өзүнүн максатына жеткен илимий иш катары эсептөөгө болот.

Сабира Осмоналиеванын иши 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун

теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адисиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иш катары Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык

комиссиянын талаптарына жооп берет, аны коргоого алып чыгууга сунуштайм.

**К.М.Ураимов:** Рахмат. Сөз экинчи рецензент ф.и.д., профессор К.Б. Калчакеевге берилет.

**К.Б. Калчакеев:** Осмоналиева Сабира Чоёновнанын “Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери” аттуу изилдөөсү үч баптан, сегиз параграфтан турат. Биринчи бап тууралуу жалпы баяндасам жогорку окуу жайларындагы педагогикалык багыттын студенттерин келечектеги мугалим катары даярдоодо окуучулардын жазуу маданиятын калыптандыруу багытында терең теориялык билимдин зарылдыгын белгилейт. Анын алкагында жазуу маданиятын калыптандыруунун теориялык жана методологиялык негиздери, педагогикалык шарттары, программалык талаптары илимий өңүттө анализденет. Биринчи бапка сунуш иретинде педагогикалык жана филологиялык багыттагы окумуштуулардын эмгектерин көбүрөөк шилтеме кылуу белгиленет. Киришүү бөлүгүнө токтоло кетсем, киришүү көбүрөөк обзор түрүндө берилип калган. Мен конкреттештирүү сунушун бермекчимин. Экинчи бап тууралуу токтолсом диссертант эксперимент усулун колдонуу менен бир катар жыйынтыктарды бере алган. Андан сырткары изилдөөнүн методологиясына жана методдоруна токтолуп, илимде колдонулуучу принциптерди, ыкмаларды ыраattуу пайдаланган. Диссертациялык иштин үчүнчү бабында башталгыч класстардагы окуучулардын жазуу маданиятын калыптандыруунун формалары жана каражаттары илимий талдоодон өткөрүлүп, аны калыптандыруунун дидактикалык, методикалык аспектилери, технологиялары, формалары жана каражаттары илимий коомчулукка сунушталган. Үчүнчү бапка сунуш катары кээ бир кайталанма идеялардан арылуу зарыл. Берилген сунуштар диссертациялык иштин деңгээлин төмөндөтпөй тургандыгын эске алуу менен диссертант Сабира Осмоналиеванын илимий иши 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун

теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адисиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иш катары Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык

комиссиянын талаптарына жооп берет, аны коргоого алып чыгууга сунуштайм.

**К.М.Ураимов: Анда эмесе сөз илимий жетекчи, п.и.д., профессор Сакиева Сайипжамал Салайдиновнага берилет.**

**С.С.Сакиева:** Урматтуу кесиптештер, менин аспирантым С.Ч.Осмоналиева 2014-жылдан тарта ушул тема менен иштеп келет. Бул теманын алкагында бир катар долбоорлор менен да иш алып баргандыктан, илимий иштин практикалык жагын жыйынтыктоо диссертантыма оорчулук жараткан жок деген ойдомун. Бүгүнкү илимий талкуу С.Ч.Осмоналиевага абдан маанилүү. Айрыкча сиздер тарабынан айтылган сын пикирлер, сунуштар диссертациялык ишти оңдоп түздөөгө жакындан жардам берет. Тема тандалган күндөн баштап график түзүлүп, түзүлгөн графиктин боюнча ишти этабы менен жүргүзүп келебиз. Негизгиси, аспирантымда жигердүү аракет бар, жазуу стили да калыптана баштады, проблеманы чечмелей алды, илимий иш жазуунун эрежелерин да өздөштүрүүгө жетишти. Ошентсе да кемчилдиги жок жумуш болбойт. Сиздер тарабынан айтылган сунуш-пикирлерди, параметрлерди эске алабыз. Жакындан жардам берип, С.Ч.Осмоналиеванын диссертациялык ишин окуп чыгып сунуш пикирлерди бергениңиздер үчүн ыраазычылык билдиребиз.

**К.М.Ураимов:** Эгерде башка пикирлер, суроолор жок болсо, жыйынтыктасак. Эч кимде алымча-кошумча жок болсо талкууну токтотуп, сөздү диссертантка берели.

**С.Ч.Осмоналиева:** Рахмат. Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, сиздер айткан сын-пикир, сунуштар үчүн ыраазычылык билдирип, айтылгандардын баарын эске алабыз. Убактыңыздарды бөлүп, диссертациябызды окуп, баалуу пикириңиздерди, сунуштарыңыздарды айтканыңыздар үчүн, чоң рахмат.

**К.М.Ураимов:** Рахмат. Анда жыйынтык чыгаралы. Изилдөө иши кандидаттык диссертациялык ишке коюлган талаптарга жооп берет. Анткени, бул иште бир эмес, бир нече маселелер чечилген. Биз бүгүнкү диссертациялык ишти талкуулоодон жакшы жыйынтык алдык деп ойлоймун. Бул жерде жетекчиси С.С. Сакиеванын эмгеги да чоң экендигин белгилей кетмекчимин.

**Изилдөөгө байланыштуу макалалар төмөнкү илимий басылмаларда жарыяланган**

**1.**Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Профессор Каратай Сартбаевдин эмгектеринде орфографиялык сабаттуулукка үйрөтүү маселелеринин изилдениши. Илим. Билим. Техника. 2023. № 1 (76). С. 152-156.

2.Осмоналиева С.Ч., Сакиева С.С. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. 2023. № 1 (27). С. 204-210.

3.Осмоналиева С.Ч., Сакиева С.С. Башталгыч класстын окуучуларына жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн актуалдуулугу Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. 2023. № 1 (27). С. 211-217.

4.Осмоналиева С.Ч. Жогрку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун үйрөтүүнүн актуалдуулугугу. Эл агартуу. 2022. № 7-8. С. 36-42

5.Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч класстагы адабий билим берүү (адабий окуу предметинин мисалында) Alatoo Academic Studies. 2022. № 4. С. 110-116.

6.Тажибаева Ж.К., Осмоналиева С.Ч. Инсанды калыптандыруудагы психологиялык, педагогикалык аспектилер. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2021. № 2 (47). С. 98-103.

7.Шишкараева А.К., Осмоналиева С.Ч. Преемственность дошкольного образования в обучении учашихся начальных классов. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2021. № 4 (49). С. 1.

8.Sakieva S.S., Osmonalieva S.Ch. LITERARY READING: READING SKILLS, THEORY AND PRACTICE. Известия Кыргызской академии образования. 2020. № 2 (51)

9.Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч класста сөз өстүрүүнүн изилдениши, тажрыйбалары. Alatoo Academic Studies. 2020. № 2. С. 28-35.

10.Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн методикасынын изилдениши. Alatoo Academic Studies. 2020. № 3. С. 54-61

11.Темирбаева Г.К, Матисакова А, Осмоналиева С.Ч. Причины ухудшения памяти и пути улучшения его совершенствования. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2016. № 2 (33). С. 2016-2.pdf

12.Ташкенбаева Ф.Р., Ураимов К.М., Мокуева Н.Ш., Осмоналиева С.Ч. Күнүмдүк сабак – бир чыгармага тете же бир күндүк сабактын иштелмеси жөнүндө. Bulletin Jalal-Abad State University. 2013. № 1 (27). С. 2013-1-2.

13.Сакиева С.С., Мамбетова М.К., Осмоналиева С.Ч. Традиция и инновация в обучении литературы (1-статья) Известия ВУЗов (Кыргызстан). 2005. № 4. С. 40-42

14.Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч., Тобокелова С.А. Традиция и инновация в обучении кыргызского народа (2-статья). Известия ВУЗов (Кыргызстан). 2005. № 4. С. 180-181

Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, илимий изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөө обьектиси, максат-милдеттери так, жыйынтыкталган, өз алдынча бүткөрүлгөн иш экендигин белгилөө менен, сиздердин ой-пикирлерди эске алуу менен  изилдөөнү диссертациялык кеңешке кабыл алууга сунуштоону колго салам.

Жогоруда айтылгандардын негизинде бүтүм  добушка коюлду. **“Макул” – баары (26), “Каршы” – жок,  “Калыс” – жок.** Бүтүм  жыйында бир добуштан  кабыл  алынды.

Демек, жогорудагы рецензенттердин жана чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлеринин негизинде бул ишти  диссертациялык кеңешке кабыл алууга сунуш  кылуу боюнча бүтүм чыгарууга болот.

Осмоналиева Сабира Чоёновнанын “Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери” деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен

методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоонун жыйынтыгы боюнча бүгүнкү отурумдун токтомунун долбоору менен тааныштырып коюуга уруксат этиңиздер (корутундунун жана токтомдун долбоору окулат). Эгерде толуктоо-кошумчаларыңыздар жок болсо, токтомду бекитип коёлу.

С.Ч.Осмоналиеванын “Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетитнин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери” деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине болгон талкуунун негизинде кафедранын отуруму

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.С.Ч.Осмоналиеванын "Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетитнин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери" деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши диссертант тарабынан толук аткарылып бүткөн жана кандидаттык диссертацияларга коюлуучу УАКтын талаптарына жооп берген иш деп эсептелсин жана талкуунун жүрүшүндө айтылган айрым сын-пикирлер, сунуштар диссертант тарабынан эске алынсын.

2. Талкууда айтылган сунуш, пикирлердин негизинде "Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери" деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу алуу үчүн жазган диссертациялык иши диссертант тарабынан жекече аткарылган, монографиялык мүнөздөгү изилдөө иши катары ачык коргоого сунушталсын.

**Төрага, педагогика илимдеринин**
**кандидаты, доцент:** **К.М. Ураимов**

**Жыйындын катчысы, окутуучу:** **Раимкул кызы А.**

П.и.к., доцент К.М.Ураимовдун колун тастыктаймын.

*Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун АРБУКБнын башчысы* *Акматова А.Т*

КАДРЛАР БАШКАРМАЛЫГЫ